### 2. ӨРТ КОРКУНУЧУНА ДУУШАР БОЛГОН БААЛУУЛУКТАР

1. Акча жана чектер, баалуу кагаздар куржуну
2. Күндөлүк кассалык чектер, юридикалык адабияттар, эсеп карточкалары, жардамчы журналдар
3. Кызматкерлердин өздүк делолору
4. Бюролор жана складдар
5. Сабакта студенттерди жоктоо үчүн колдонулган журналдар
6. Студенттерге тиешелүү ар түрдүү документтер
7. Имараттагы ар түрдүү техника жана курал-жарактар
8. Эмеректер
9. Сервер системалары

### 3. ӨРТКӨ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ КЫЗМАТЫ

Төмөнкүдө көрсөтүлгөн тартипте өрткө каршы күрөшүү командалары уюштурулган. Кайсы гана жерде өрт чыкпасын, командаларыбыз кыска мөөнөт ичинде өрт чыккан жерге барышып, өрт өчүрүү иштерин жүргүзүшөт.

1. Өрт өчүрүүчү команда
2. Издөөчү-куткаруучу команда
3. Алгачкы медициналык жардам көрсөтүүчү команда
4. Коопсуздук боюнча маалымат (инструкция) берүүчү команда

### 4. ӨРТТӨН АЛДЫН АЛА САКТАНУУ ЧАРАЛАРЫ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ

### А. ЧАРАЛАР

1. Өчүрүлбөгөн тамекини туш келди ыргытууга болбойт.
2. Электр жылыткычтарын усулуна жараша колдонуу керек.
3. Меш жана морлорду убагында тазалоо керек.
4. Тез күйүүчү жана жарылуучу заттарды казан мештер менен чогуу койбоо керек.



K-Q
TSE-ISO-EN
9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

5. Электр жабдууларын текшерип туруу керек. Электр жабдууларына эч кандай кошумча бөлүктөр кошулбайт. Сактагычтарды бекем, гайка ачкычын, бөлүштүрүү коробкасын ж.б. материалдарды жабык кармоо керек.
6. Тактайларды, жыгачтын таарындыларын, отун, көмүр, кагаз ж.б.у.с. тез күйүүчү заттарды түрлөрүнө жараша коопсуз жерде сактоо керек.
7. Бюролордо жана складдарда электр жылыткыч, үтүк ж.б.у.с. күйүүчү жана жарылуучу заттарды кармабоо керек.
8. Статикалык электр тогунан коргонуу үчүн тиешелүү жабдык жана техникаларды жерге кийирүү керек.
9. Бензин канистралары өз ачкычтары менен ачылат. Канистраларды ачуу үчүн катуу нерселер колдонулбайт.

**Б. ЭРЕЖЕЛЕР**

1. Өрт учурунда баалуу кагаздарды сактаган сейф жана шкафтардын бетине "Өрт учурунда эң биринчи сактала тургандар" деген этикетка жабыштырылат.
2. Баштык же каптарды баалуу кагаздар менен чогуу кармоо керек.
3. Коопсуз жайларга өрткө каршы күрөшүү кызматынын телефон номерлери илинет.

## 5. ӨРТ ЧЫККАН УЧУРДА ӨТКӨРҮЛӨ ТУРГАН ИШ-ЧАРАЛАР

### А. КҮНДҮЗГҮ КАБАРЛОО

1. Өрттү биринчи көргөн адам өрт чыккандыгы тууралуу сигнал берип, бардык кызматкерлерди кабарлайт. Тийиштүү бөлүктүн жетекчиси жана/же нөөмөтчү жетекчи өрткө каршы күрөшүү кызматына кабар берет. 18
2. Өрт өчүрүүчү команда сигнал боюнча чогулуп, команданын жетекчиси тарабынан өрт чыккан жерге жөнөтүлөт. Өрт өчүрүү иш-чарасы жүргүзүлөт.
3. Өрткө каршы күрөшүү кызматы келгенде, ал менен чогуу иш жүргүзүп, өрткө каршы күрөшүү кызматынын башчысынын карамагында болушат.
4. Башка кызматкерлер коопсуздук боюнча маалымат берүүчү команданын карамагында болушат. Эвакуациялоо керек болгондо, бюролордон тынч чыгып кетишип, көрсөтүлгөн жерде чогулушат.
5. Бир эшиктүү имараттарда терезелерден чыгуу үчүн атайын шаты же жиптен жасалган шаты колдонулат.
6. Өрттөн куткаруу иш-чаралары:
   а) Өрттүн күчөгөн жана жайылган учурда эң биринчи сакталышы керек болгон буюмдар имараттан чыгарылат. Буюмдардын ээлери дагы бул иш-чарага катышып жардам беришет.
   б) Эвакуациялоо учурунда биринчи ирет оорулуу жана аял кишилерди имараттан чыгарышат. Өрт учурунда жабыр тарткан кишилерге алгачкы жардам көрсөтүлүп, медициналык тез жардам кызматкерлерине өткөрүлүп берилет.
7. Өрт түнкүсүн чыкканда нөөмөтчү жетекчи жана/же коопсуздук кызматкери төмөнкүдөй иш-чараларды жүргүзөт:
   а) Өрткө каршы күрөшүү кызматына кабарлайт.
   б) Университеттин ректоруна жана милицияга кабар берет.
   в) Ар кандай саботаж, спекуляция ж.б. иштерди алдын алуу үчүн чоочун кишилерди имаратка киргизбейт жана зарыл учурда аларга каршы өрт өчүргүчтү колдоно алат.

K-Q TSE-ISO-EN 9000

## 6. ӨРТ ӨЧҮРҮЛГӨНДӨН КИЙИН ӨТКӨРҮЛӨ ТУРГАН ИШ-ЧАРАЛАР

### А. ОТЧЕТТУЛУК

1. Өрт өчүрүлгөндөн кийин тийиштүү бөлүктүн жетекчиси жана/же нөөмөтчү жетекчи тарабынан алдын ала отчет жана жалпы отчет берилет.
2. **Алдын ала отчетто төмөнкү маалыматтар берилет:**

а) Өрт чыккан күн жана сааты

б) Өрт чыккан жер

в) Өрттүн чыгуу себептери (бул отчет телефон, рация, электрондук дарек сыяктуу маалымат каражаттары колдонулуп университеттин ректоруна билдирилет дагы, жазуу түрүндө алдын ала отчет катары жиберилет)

3. **Жалпы отчетто төмөнкү маалыматтар берилет:**

а) Өрт чыккан күн, сааты жана жери

б) Өрттүн келип чыгуу себептери

в) Өрт өчүрүүчү команданын иш-чаралары

г) Өрт өчүрүү иш-чарасына жардам бергендер

д) Жабыр тарткандар жана каза болгондор (эгерде бар болсо)

е) Өрт очогун иликтөө

ж) Бүлүнгөн же талкаланган нерселер / буюмдар

з) Башка маалыматтарды камтыган отчет бир жума ичинде университеттин ректоратына жиберилет.

## 7. АЛГАЧКЫ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮЧҮ КОМАНДА



Өрт – материалдык зыян, жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына залал келтире турган контролдонбогон күйүү. Ошондуктан, өрт башталганда эле адамдар үчүн түтүнгө тумчугуу жана күйөт сыяктуу эки чоң коркунуч туулат. Нерв системасы күчтүү болбогондордун биринчи реакциясы – апкаарып калуу, бакыруу, шашкалактоо жана эсин жоготуу.

Алгачкы медициналык жардам көрсөтүүчү команда кызмат орундагы адамдарды дүрбөлөңгө түшүрө турган жана коркунучту күчөтө турган жагдайда төмөнкү иш-чараларды аткарат:

а) Өрт чыкканда медициналык шкафтын ичинен биринчи медициналык жардам көрсөтүүгө керектүү дары-дармек, аппарат жана жабдууларды алат.

б) Жаракат алган жана эсин жоготкондорго алгачкы медициналык жардам көрсөтөт.

в) Жаракат алган, эсин жоготкон жана түтүнгө тумчугуп калгандарды эвакуациялоо үчүн куткаруучу команда менен үзгүлтүксүз байланыш болуп турушун камсыздайт.

г) Акырек, далы жана ийин сынганда, жоолук менен моюнга асып коёт же бинт менен денеге таңат. Чыканак жана кол чеңгелинин сөөктөрү сынганда, сынган жердин асты-үстүн ичке тактай бөлүктөрү менен китеп же гезиттен түтүккө окшотуп катуу бир нерсе менен таңат. Андан соң жоолук менен моюнга асат.

д) Жамбаш сөөгү сынганда, жабыркаган бутту шакшак менен таңып коёт.

## 8. ЖАРАКАТ АЛГАНДАР ЖАНА ООРУЛУУЛАРГА КАРАТА ЖАСАЛУУЧУ ИШ-АРАКЕТТЕР

Жаракат алгандарды мүмкүн болушунча жылуу жана тынч жерге алып барыш керек. Жеңил дем алуулары үчүн шарт түзүлүшү керек. Кускан жана эсине келе албагандар же курсагынан жаракат алгандардын оозуна эч нерсе берилбейт.

K TSE-ISO-EN 9000

## 9. ТУМЧУГУП КАЛГАН ЖАНА ЭСИН ЖОГОТКОНДОРГО КАРАТА ЖАСАЛУУЧУ ИШ-АРАКЕТТЕР

Түтүндөн тумчугуп калуу кырылдоо коштогон жөтөлүү формасында болот. Оорулуунун бети көгөрөт. Мындай жагдайдын пайда болушуна алып келген себептерди жоюу керек. Дем алууга жолтоо болгон себептерди четтетип, өпкөгө абанын тоскоолсуз кирип-чыгып туруусуна шарт түзүү керек. Жасалма дем алдыруу ыкмаларынын бирин колдонуп, үшүнө келтирилет.

## 10. КУТКАРУУЧУЛАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ

1. Өрт чыккандыгы тууралуу сигнал боюнча команда жетекчисинин буйругу менен чогулушат. Керектүү аппарат жана жабдууларды алышат.
2. Кыйраган жана күйгөн имараттын астында калган жаракат алган же оорулуулар мүмкүн болушунча суук да эмес, ысык да эмес, жакынкы коопсуз жерге көчүрүлөт. Керектүү алгачкы медициналык жардам көрсөтүлөт.
3. Жаракат алгандарды коопсуз жерге көчүрүүдө абдан этият болуу керек. Оруулунун кыймылдашы өлүмгө себеп боло турган болсо, ордунан жылдырбай эле ошол жерде алгачкы медициналык жардам көрсөтүлөт.
4. Жаракат алгандарды коопсуз жерге көчүрүүдөгү эң жакшы нерсе носилка болуп саналат. Колдо носилка болбогон учурда, эшик же шаты колдонула алат. Көчүрүүдө жаракат алган же оруулуулардын жыгылбашы үчүн жип, шейшеп сыяктуу буюмдар менен аларды жакшылап таңып коюу керек.
5. Жаракат алган эсин жоготпой, бутуна тура алгандай болсо, жонуна артып алып же колтуктап алып көчүрүш керек.



6. Эсин жоготкондордорду болсо (носилка же башка нерсе жок болсо), куткаруучу өрт өчүрүүчүлөрдүн ыкмасы менен эки колтугунан колдорун өткөрүп жерге сүйрөп ташыйт.



7. Жаракат алгандардын саны аз болсо, эки куткаруучу жаракат алганды эки колдоп көтөрүп коопсуз жерге көчүрөт.





K-
TSE-ISO
9001

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

8. Жапыз, тар жана түтүн чыккан жерлерден ооруулуулар жерге сүйрөлүп чыгарылат.

## 11. ӨРТ ӨЧҮРҮҮЧҮ КОМАНДАНЫН МИЛДЕТТЕРИ

1. Команда ичинен өрттү биринчи көргөн киши катуу сүйлөп өрт жөнүндө кабар берет. Ошол эле учурда өрт чыккандыгы тууралуу сигнал берет.
2. Өрт өчүрүүчү команда сигнал боюнча команда жетекчисинин буйругу менен тез арада чогулуп, колдорунда өрт өчүргүчтөрдү көтөрүп, өрт чыккан жерге жөнөшөт.
3. Өрт жаңы эле башталган болсо, өрт өчүрүү ыкмасы боюнча өрт өчүрүү иш-чарасы жүргүзүлөт. Эгерде өрт электр жабдууларына жакын жерде чыккан болсо, дароо сактагыч чыгарылат.
4. Куткаруучу команда керек болгон учурда кызматкерлерден жардам алуу менен жаракат алган кызматкерлерди, компьютерлерди, документтерди, үстөл, стул сыяктуу буюмдарды жана кээ бир заттарды өрт чыккан жерден чыгарат.
5. Биринчи ирет бетине “өрт учурунда эң биринчи сактала тургандар” деген этикетка жабыштырылган буюмдар чыгарылат. Өрт күчөп бараткан болсо, дароо телефон аркылуу эң жакынкы өрт өчүрүү кызматынын башчылыгына кабар берилет.
6. Өрт өчүрүлгөндөн кийин колдонулган өрт өчүргүчтөрдү сүртүп тазалап, кайра толтуруп ордуна коюш керек.
7. Өрт өчүрүлгөндөн кийин команданын жетекчиси тарабынан отчет даярдалып, Университеттин ректоратына жиберилет.

## 12. ТЕХНИКАЛЫК РЕГЛАМЕНТТИ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ

а) Бул техникалык регламент Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде колдонулат.

б) Университеттин ректоратынын уруксаты болмоюнча, бул техникалык регламентке эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбейт.

в) Бул техникалык регламентте аныкталган жоболорго ылайык иш жүргүзбөгөндөр Университеттин инструкциясынын тийиштүү беренелери боюнча мыйзамдык жоопкерчиликке тартылат.

Жогоруда он эки пункттан түзүлгөн бул техникалык регламенттин Университетибизде колдонулушуна уруксат берүүңүздөрдү суранам.



Доц., док. Октай Өзгүл
Баш катчынын м.а.

Макулмун
Проф., док. Мустафа Орчан
Проректор

Макулмун
Проф., док. Анвар Мокеев
Проректор

**Б Е К И Т И Л С И Н**
18./02./2022

Проф., док. Асылбек Кулмырзаев
**Биринчи проректор**

Проф., док. Алпаслан Жейлан
**Ректор**

K-Q TSE-ISO 9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg

Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

№ 2-ТИРКЕМЕ

# « МАССАЛЫК ЖАБЫРКАТУУЧУ КУРАЛДАН КОРГОО» БОЮНЧА ТЕХНИКАЛЫК РЕГЛАМЕНТ

## I. МАКСАТЫ:

Массалык жабыркатуучу куралдан (ядролук, биологиялык жана химиялык курал) коргоо алкагында кызматкерлерди алдын ала эскертип, жан жана мүлк жоготууну кыскартуу боюнча чараларды көрүү максатында эки тараптуу кызматташтык жана өз ара жардамдашуу боюнча негизги маселелерди аныктоо.

## II. МАЗМУНУ:

Бул техникалык регламент Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде колдонулат. Абадан чабуул жана радиоактивдик ууулануу сыяктуу коркунучтар тууралуу кабарлардын убагында жана тез-тез берилишин камсыздоо үчүн керектүү иш-чараларды өткөрүү жана "коркунуч артта калды" кабарын берүү тартиптерин камтыйт.

## III. ЖООПКЕРЧИЛИК:

Бул техникалык регламенттин колдонулушу боюнча:

1. Баш катчы жана Жарандык коргонуунун башчысы
2. Өткөрүлүп жаткан иш-чараларды координациялоо, көзөмөлдөө, текшерүү жана бир жылда бир жолу жарандык коргонуу боюнча окуу өткөрүү боюнча баш катчы
3. Берилген тапшырмаларды аткаруу боюнча тийиштүү кызматкерлер жоопкерчилик тартат.



## VI. АБАЛ

1. Ушул максат менен курулган сигнализация системасы университетибизде бар.
2. Биз жайгашкан жарандык коргонуунун территориясында сигнал берүүчү аспаптар орнотулган.
3. Сигналдар:
   а. Телекөрсөтүү, радио сыяктуу жалпыга маалымдоо каражаттары менен Мэрия жана Коопсуздук кызматынын мегафондук каражаттары аркылуу берилет
   б. Нөөмөттүк-диспетчердик башкармалык жана/же түзүмдөрү жана административдик иштер башкармалыгы тарабынан телефон аркылуу кабар берилгенден кийин университеттин кабарлоо системасы аркылуу кызматкерлерге кабар берилет
4. "АК СИГНАЛ" (Коркунуч артта калды) сигналы телекөрсөтүү, радио сыяктуу жалпыга маалымдоо каражаттары менен Мэрия жана Коопсуздук кызматынын каражаттары аркылуу берилет дагы, университетибиздеги кызматкерлери сигнал тууралуу кабарландырылат.

## V. ИШ-ЧАРАЛАР

**А. Алдын алуу боюнча иш-чаралар**

**1. Маскировка:**

**1. Тышкы жарык берүү системасы**

K-Q TSE-ISO-EN 9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

а. Бак ичинде, ар кандай жерлерде жана мамыларда орнотулган жарыктарды өчүрүү керек.
б. Милдеттүү түрдө күйгүзүлүшү керек болгон тышкы жарык берүү системасынын эшик алдындагы жарыктары көк кагаз менен жабылат. Кагаз менен жабууда кагазды ампулага тийгизбөө керек. Тышкы жарык берүү системасын өчүрүү боюнча административдик иштер башкармалыгынын башчысы, коопсуздук кызматынын начальниги, милиция кызматкерлери, нөөмөтчү кызматкерлер жооптуу болушат.
в. Мобилизация жарыялангандан кийин бардык тышкы жарык берүү системасы өчүрүлөт жана эч күйгүзүлбөйт.

**2. Ички жарык берүү системасы**

а. Бардык кабаттардагы эшиктерге орнотулган жарыктар менен коридорлордогу жарыктар өчүрүлбөйт, же бурап чыгарылат, же чыңалуусу бошоңдотулат, лампочкалар көк кагаз менен жабылат. Подвалдагы коридорлордун жарыктары өчүрүлбөйт; казандардын, текшерүү борборунун, баш калкалоочу жайдын, ашкананын жарыктары жана ачык терезелери (бул бөлмөлөрдө радиоактивдик ууланууга каршы кум салынган ящик коюлгандыгы үчүн) ошол бойдон эле калтырылат. Кызмат бөлмөлөрүнүн жана аудиториялардын биринде жарык ачык бойдон калтырылат.
б. Ички жарык берүү системасынын бардык лампочкалары көк кагаз менен жабылат. Кабинет, бюро жана аудиторияларга жарык сырттан кирбегендей кылып, пардаларды бекем жабуу керек. Керексиз болгон жерлерде лампочкалар бурап чыгарылат. Казандардагы жарыктын өчүрүлүшү боюнча от жаккыч, кызмат бөлмөлөрүндөгү жарыктын өчүрүлүшү боюнча жооптуу кызматкер, аудитория жана коридорлордогу жарыктын өчүрүлүшү боюнча нөөмөтчү кызматкер жооптуу болот. 23

**3. Отту, о.э. жарыкты чыгарган жерлер**

а. Казандардын морлорунун үстү жабылат жана жарыктар таратылат.
б. Жылтыраган жерлердин баары кара түскө боёлот.
в. Жогоруда айтылган иш-чаралардын аткарылышына баш катчы жана жарандык коргонуу боюнча адис жооптуу болот.

**Б. Сигнал тууралуу кабар берилгенде:**
**Сигнал тууралуу кабардын берилиши боюнча эрежелер планда көрсөтүлгөн.**

**1-САРЫ СИГНАЛ:**
**3 мүнөт сиренанын үнү узакка созулуп жаңыруу менен кабар берилген учурда, жогоруда айтылган иш-чаралар аткарылат жана "КЫЗЫЛ СИГНАЛ" боюнча аткарыла турган төмөнкү иш-чараларга даярдык көрүлө баштайт:**

а. Электр жана суу клапандары жабылат. Электр күчүн рубильниктен ага эң жакын болгон кызматкер өчүрөт, ал эми ысык суу менен жылытуу системаларын өчүрүү боюнча от жаккыч болбогон учурда аларга жакын болгон мекемебиздин мыкты квалификациялуу кызматкерлерибиз жооптуу болушат.
б. Эшик, терезе жана пардалар жабылат. Сырткы эшиктердин жабылышы боюнча коопсуздук кызматынын кызматкери, ички эшиктер менен терезе жана пардалардын жабылышы боюнча нөөмөтчүлөр жооптуу болушат. Коридорлордогу жарыктар нөөмөтчү кызматкер тарабынан өчүрүлөт.
в. Баш калкалоочу жайда колдонула турган керектүү жабдуулар алынып, "баш калкалоочу жай тууралуу регламенттеги" эрежелер боюнча эксплуатацияланат.



Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

**2-КЫЗЫЛ СИГНАЛ:**
**3 мүнөт сиренанын үнү катуулап жаңыруу менен кабар берилген учурда, "САРЫ СИГНАЛда" берилген (а), (б) жана (в) пунктар боюнча иш-чаралар аткарылат:**

Машиналардын ичинде болгондор болсо, машинасын ылайык жерге коюп, башкалардын артынан ээрчиш керек. Кызыл сигнал тууралуу кабардын берилишинде телефондук байланыш менен чогуу өрт чыккандыгы тууралуу сигнал кнопкасына басуу же милиция аркылуу сирена берүү тармагы аркылуу административдик иштер башкармалыгы тарабынан кабаландырылышы керек.

**3-РАДИОАКТИВДИК УУЛАНУУ КОРКУНУЧУ:**
3 мүнөттүк убакыт менен сиренанын үнү үзүлмө түрүндө жаңырып, телефон, радио жана телекөрсөтүү аркылуу кабар берилет. Ошондой эле баш калкалоочу жай боюнча жетекчинин жардамчысы коңгуроону басып, тийиштүү түзүмдөрдү кабарландырат. Кызматкерлердин иш-чаралары жогоруда айтылган тартипте аткарылат.

**Машиналардын ичинде болгондор болсо, машинанын эшик жана терезелерин жаап ичинде калуулары керек. Коркунуч артта калгандан кийин баш калкалоочу жай боюнча жетекчинин буйругу жана инструкциясына ылайык баш калкалоочу жайдан чыгып, иштерин улантышат.**

**А. Радиоактивдик уулануунун симптомдору:**
1. Кан аралашкан ич өткөк
2. Кусуу

**Б. Радиоактивдүү калдыктарды тазалоо:**
1. Көөмп салуу жана жабуу
а. Жерге
б. Үңкүргө
в. Чуңкурга

Радиоактивдүү калдыктарды тазалоо үчүн аларды көөмп салуу же сактоо керек. Андан кийин боёп (пластмасса, майлуу боёк, акиташ сыяктуу) же бетон куюп, ошол жерди жаап салыш керек. Ошентип, айлана-чөйрөнүн кирденүүсүн алдын алса болот. Радиоактивдик заттардын көмүлгөн же сакталган жерлерди тийиштүү команда атайын белги менен белгилеп коет дагы, керектүү коргоо иш-чаралары жүргүзөт. Радиоактивдик калдыктар дайыма чакан дозадан чоң дозага же жогорку жерлерден жапыз жерлерге чейин тазаланат.

**2. Белгиленген ченемдерден жогору булганган убакта элди санитардык тазалоо жана кийимдерди жугушсуздандыруу:**
а. Дароо шаркырап аккан крандын астында денеңизди жууңуз.
б. Чач жана тырнактын астынан кирди тазалап, дененин ачык калган бөлүктөрүн нымдуу чүпүрөк менен аарчыңыз.

**3. Радиоактивдүү заттар менен үстүртөн булганган тамак-аш азыктарын жөнөкөй тазалоодон өткөрүү:**
Пакеттеги жана жабык идиштеги тамак-аштарды ачаардын алдында жууп, тазалоо керек. Радиоактивдүү заттар менен булганган тамак-аш азыктары менен сууну тамактанууга пайдаланбоо же пайдаланууну чектөө керек.

**4. Белгиленген ченемдерден жогору булганган убакта техникаларды атайын тазалоодон өткөрүү:**
Шаймандарды шаркырап аккан крандын астында жууңуз.



K - Q
TSE-ISO-EN
9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

**5. Радиоактивдүү заттар менен булганган жерлерди (бак, жолдор ж.б.) тазалоо:**

Радиоактивдүү заттар менен булганган жерлерди паспорттоштуруу, агротехникалык жана дезактивациялык иш-чаралар жүргүзүлөт.

Булганган асфальт же топуракты бульдозер же күрөк менен 3-5 см терендике чейин аңтарып казуу керек. Казгандан кийин чуңкурга көөмп салып, ошол жерди белгилеп коюш керек. Казылган жер басым астындагы суу менен жуулат. Булганган суу болсо, дренаждык канал же канализацияга куюлат. Машиналар, жабдуулар ж.б. шаймандар басым астындагы суу же самындуу суу менен жуулат. Кийимиңизге булганган сууну тийгизбегиле. Эгерде булганган суу кийимиңизге тийген болсо, анда ал кийимди дароо тазалоо же чечип башкасын кийүү керек. Булганган кийимдерди жерге таштабай көөмп салгыла.

Жогоруда айтылган иш-чараларды айланага бүлүк салбай, дүрбөлөң түшүрбөй аткарыңыз.

## 4. ХИМИЯЛЫК ЖАНА БИОЛОГИЯЛЫК УУЛАНУУ КОРКУНУЧУ

3 мүнөттүк убакыт менен сирenанын үнү үзүлмө түрүндө жаңырып, телефон, радио жана телекөрсөтүү аркылуу кабар берилет. Ошондой эле коопсуздук кызматкери ышкырык салып, бардык кызматкерлерди кабарландырат. Кызматкерлердин иш-чаралары жогоруда айтылган тартипте аткарылат. Машиналардын ичинде болгондор машинасын ылайык жерге коюп, жакынкы баш калкалоочу жайга барышы керек. Баш калкалоочу жай боюнча жетекчинин буйрук жана инструкциясы боюнча баш калкалоочу жайга кирет.



## VI. БАШ КАЛКАЛООЧУ ЖАЙДАГЫ ИЧКИ ТАРТИП ЭРЕЖЕЛЕРИН САКТОО

1. Баш калкалоочу жайга керексиз буюмдар жана жаныбарлар алынбайт.
2. Орундук санынан көп адам баш калкалоочу жайга алынбайт.
3. NBC (ядролук, биологиялык жана химиялык) ууланууга дуушар болгон адамдар тазаланбай (кийимин жаңыртуу жана сууга түшүрүү) баш калкалоочу жайга алынбайт.
4. Баш калкалоочу жайга киргендер каттоо журналында катталат.
5. Баш калкалоочу жайдын ичиндеги жабдууларды этият менен колдонуу керек.
6. Оорулуу, кош бойлуу жана мүмкүнчүлүгү чектелгендерди мүмкүн болушунча бөлөк жерлерге жайгаштырып, аларга тейлеп туруучу кызматчы камсыздалат.
7. Баалуу буюмдар тил каттын негизинде берилип сакталат.
8. Чуру-чуу оюндар ойнолбойт жана маанайды буза турган кептер айтылбайт.
9. Баш калкалоочу жай боюнча жетекчинин уруксаты алынбай туруп, баш калкалоочу жайдан сыртка чыгууга болбойт, баш калкалоочу жайдын ички жабдууларына кол тийгизилбейт, жылыткыч жабдуулар колдонулбайт.
10. Оорулуу болгондор оорусун жашырбашы керек.
11. Айлана-чөйрөгө кагаз жана таштандылар ыргытылбайт, жыттуу буюмдар колдонулбайт.
12. Айлана-чөйрөдө NBC заттардын жоктугун аныктоо керек.
13. Баш калкалоочу жай жараксыз абалга келгенде, керектүү жабдууларын чогултуп, коңшу баш калкалоочу жайга көчүп баруу керек. Бул маселе боюнча Жарандык коргонуу түзүмдөрүнүн инструкциялык (жетекчилик көрсөтмөлөрү бар) системасына кайрылыш керек.
14. Ар бир кабар жана контрчабуулдан кийин жарандык коргонуунун жогорку органдарын кабарландыруучу аймактык башкаруу органын кабарландырат.

K-Q TSE-ISO-EN 9000

15. Баш калкалоочу жайдан алгач болуп оорулуулар, кош бойлуулар жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер чыгышат.
16. Баш калкалоочу жайдан чыгуу инструкциясы мегафон же радио аркылуу берилип, коркунуч артта калды тууралуу кабар жарыяланат.
17. Ар бир баш калкалоочу жайда тийиштүү жетекчи же тандалган бир адам баш калкалоочу жай боюнча жетекчи катары кызматын аткарып, жогорудагы берилген жоболорго ылайык иш-чаралардын аткарылышын камсыздайт.
18. Баш калкалоочу жай боюнча жетекчи баш калкалоочу жайга байланыштуу бардык кемчиликтерди кетирет.

| | | |
|---|---|---|
| САРЫ СИРЕНА | Узакка созулган сирена | 3 мүнөт |
| КЫЗЫЛ СИРЕНА | Катуулап жаңырган сирена | 3 мүнөт |
| NBC СИРЕНАСЫ | Үзүлмө түрүндө сирена | 3 мүнөт |

## VII. ТЕХНИКАЛЫК РЕГЛАМЕНТТИ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ

а) Бул техникалык регламент Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде колдонулат.

б) Университеттин ректоратынын уруксаты болмоюнча, бул техникалык регламентке эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбейт.

в) Бул техникалык регламентте аныкталган жоболорго ылайык иш жүргүзбөгөндөр Университеттин инструкциясынын тийиштүү беренелери боюнча мыйзамдык жоопкерчиликке тартылат.

Жогоруда жети пункттан түзүлгөн бул техникалык регламенттин Университетибизде колдонулушуна уруксат берүүңүздөрдү суранам.



Доц., док. Октай Өзгүл
Баш катчынын м.а.

Макулмун
Проф., док. Мустафа Орчан
Проректор

Макулмун
Проф., док. Анвар Мокеев
Проректор

**БЕКИТИЛСИН**
18.10.2./2022

Проф., док. Асылбек Кулмырзаев
**Биринчи проректор**

Проф., док. Алпаслан Жейлан
**Ректор**

K-Q TSE-ISO-EN 9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

15. Баш калкалоочу жайдан алгач болуп оорулуулар, кош бойлуулар жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер чыгышат.
16. Баш калкалоочу жайдан чыгуу инструкциясы мегафон же радио аркылуу берилип, коркунуч артта калды тууралуу кабар жарыяланат.
17. Ар бир баш калкалоочу жайда тийиштүү жетекчи же тандалган бир адам баш калкалоочу жай боюнча жетекчи катары кызматын аткарып, жогорудагы берилген жоболорго ылайык иш-чаралардын аткарылышын камсыздайт.
18. Баш калкалоочу жай боюнча жетекчи баш калкалоочу жайга байланыштуу бардык кемчиликтерди кетирет.

| | | |
|---|---|---|
| САРЫ СИРЕНА | Узакка созулган сирена | 3 мүнөт |
| КЫЗЫЛ СИРЕНА | Катуулап жаңырган сирена | 3 мүнөт |
| NBC СИРЕНАСЫ | Үзүлмө түрүндө сирена | 3 мүнөт |

## VII. ТЕХНИКАЛЫК РЕГЛАМЕНТТИ КОЛДОНУУ ТАРТИБИ

а) Бул техникалык регламент Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде колдонулат.

б) Университеттин ректоратынын уруксаты болмоюнча, бул техникалык регламентке эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбейт.

в) Бул техникалык регламентте аныкталган жоболорго ылайык иш жүргүзбөгөндөр Университеттин инструкциясынын тийиштүү беренелери боюнча мыйзамдык жоопкерчиликке тартылат.

Жогоруда жети пункттан түзүлгөн бул техникалык регламенттин Университетибизде колдонулушуна уруксат берүүңүздөрдү суранам. 26

Доц., док. Октай Өзгүл
Баш катчынын м.а.

Макулмун
Проф., док. Мустафа Орчан
Проректор

Макулмун
Проф., док. Анвар Мокеев
Проректор

**БЕКИТИЛСИН**
18/02/2022

Проф., док. Асылбек Кулмырзаев
**Биринчи проректор**

Проф., док. Алпаслан Жейлан
**Ректор**

K-Q TSE-ISO-EN 9000

**№ 3-ТИРКЕМЕ**

**БАШ КАЛКАЛООЧУ (ЖАШЫНУУЧУ) ЖАЙ ТУУРАЛУУ КӨРСӨТМӨ**

**1. МАКСАТЫ:**
Ядролук жана катардагы курал-жарактар менен бирге биологиялык жана химиялык багыттагы согуштук материалдардын таасиринен кызматкерди куткаруу жана согуштук абалда тийиштүү жандуу жана жансыз баалуулуктарды коргоо жана атайын дайындалган **Баш калкалоочу жайдын жооптуу кишисинин** милдет жана жоопкерчиликтерин аныктоо.
**2. МАЗМУНУ:**
Бул көрсөтмө Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде колдонулат.
**3. ЖООПТУУ КИШИЛЕР:**
Тынчтык абалынан баштап эле көрүлө турган чараларды пландоо иштерине, иштин жүрүшү, көзөмөлү, кызматкердин иши жана баш калкалоо практикасын өткөрүүгө **Баш катчылык жана баш калкалоочу жай боюнча жооптуу киши** жоопкерчиликтүү болуп саналат.
**4. Иш бөлүмү:**
**А. Баш калкалоочу жайлар:**
а. Кызматкерлер үчүн тиркемеде деталдуу түрдө көрсөтүлгөн бөлүмдөр баш калкалоочу жерлер катары белгиленген. Атайын жасалган баш калкалоочу жер жок. Бул жердеги ачык жерлер кум салынган каптар менен жабылып, химиялык газдарга каршы керектүү изоляциялык иш-чаралары көрүлөт.
б. Баш калкалоочу жай болуп даярдалган жер ………. чарчы метрди түзүп, киши башына 1 чарчы метр же 1.1 чарчы метрден жогору эсептелип, бул иш үчүн бөлүнгөн жер кызматкер(лер)дин бардыгына жетиштүү эмес. Ушул себептен улам, граждандык коргонуунун баш калкалоочу жайы колдонууга алынат.
в. Баш калкалоо боюнча башкы жоопкерчиликти **Доц., док. Октай Өзгүл (Баш катчынын м.а.)**, орун басарлык жоопкерчиликти **Назира Кубанычбек (Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгынын башчысынын м.а.)** аткарат. Аскердик шарттарга ылайык баш калкалоочу жер катары белгиленген жерлерди даярдоо жоопкерчилиги **баш калкалоочу жайдын жооптуу кишисине** берилет. Тийиштүү кызматкер баш калкалоо боюнча жооптуу жетекчинин координаторлугу менен ал жерлердин абалы, оңдоп-түзөтүүлөрү жана жабдуусу үчүн керектүү материалдарды тактоо менен финансылык план түзөт. Даярдалган план университеттин Баш катчылыгына сунулат.
**Б. «Коога» белгиси берилгенде өзүн-өзүн алып жүрүү:**
Коога белгиси боюнча инструкцияда берилген.
**В. Баш калкалоочу жайга бараткандa өзүн алып жүрүү эрежеси:**
Коога белгиси берилээри менен;
1. Паникага жана башаламандыкка орун берилбейт.
2. Эскертүү белгиси берилген учурларда өзүн алып жүрүү эрежелери так сакталышы керек.
3. Баш калкалоо боюнча жооптуу адам жана анын жардамчысынын көрсөтмөлөрү боюнча иш жүргүзүлөт.
4. Баш калкалоо жайына бараткан учурда кызматкер эң алгач эң алыс жерде жайгашкан аудиторияларга басым жасаш керек. Жетекчинин көрсөтмөсүнө ылайык баш калкалоо

27

K - TSE-ISO-EN 9000

жайын көздөй бет алат, башка кызматкерлер жетекчинин орун басарынын текшерүүсү менен баш калкалоочу жайга киришет.

**Г. Баш калкалоочу жай боюнча жооптуу кишинин милдеттери:**

**1. Тынчтык учурунда:**

а. Кызматкер/лерди ылайыктуу баш калкалоочу жер менен камсыздоо, ал жерде жасалуучу бекемдөө иш-аракеттери, ал жерге зарыл болгон материалдарды аныктоо жана камсыздоого;

б. Кызматкер/лерге коога белгилерин түшүндүрүү жана алдыда көрүлө турган иш-чараларды түшүндүрүү боюнча жарандык коргонуу адиси менен чогуу баш калкалоо ишине катышууга;

в. Баш калкалай турган кызматкер/лерди аныктоо, даярдаган тизмени эшиктин сыртына асуу жана башка маселелерде жасала турган иштерге, алардын ишке ашырылышына;

г. Баш калкалоо боюнча жооптуу адамдын орун басары да жогорудагы иш-аракеттерге жардам берүүгө милдеттүү.

**2. Коога учурунда:**

а. Баш калкалоочу жайдын жарыгын күйгүзүп, ал жерге кирүүнү камсыздоо;

б. Керексиз буюмдарды жана жаныбарларды баш калкалоочу жайга алып кирбеш керек;

в. Баш калкалоочу жайга кирген адамдарды саноо, ашыкча кишинин киришине жол бербөө, киши толгондо эшиктерди жабуу, батпай калгандар болсо аларга кире турган жерлерин көрсөтүү;

г. Баш калкалоочу жайга киргендерди өзүнчө журналга каттоо, Баш калкалоочу жай жөнүндө көрсөтмө менен жалпыны тааныштыруу. Ал жерде тынчтыкты жана тазалыкты сактоо, бири биринин тынчтыгын бузбоо, бош турбай бир нерсе менен алек болуусун камсыз кылуу;

д. Баш калкалоочу жайдагы шаймандардын сынып, бүлүнүшүнө жол бербөө;

е. Оорулуу, кош бойлуу жана майыптарды мүмкүн болушунча өзүнчө бөлмөгө жайгаштыруу жана аларды карай турган кишилерди аныктоо;

ё. Ал жерде адамдын көңүлүн оорута турган сөздөрдүн айтылбашына аракет жасоо жана адамдардын маанайын көтөрө турган сөздөрдү сүйлөгөнгө аракет жасоо;

ж. Жарандык коргонуу боюнча жооптуу жетекчилик тарабынан радио аркылуу бериле турган көрсөтмөлөрдү угуу, атайын китепчелердин жардамы менен биргелешип иш алпаруу;

з. Баалуу материалдарды квитанция аркылуу кабыл алуу жана аларды коргоо.

**3. Коркунуч аяктады сигналынан кийинки милдеттер:**

а. Айлана-чөйрөдө радиациялык, уулуу, газ жана микробдуу түтүн бар же жок экендигин аныктоо аракетин жасоо жана бул нерселер аныкталмайынча баш калкалоочу жайлардын эшигин ачууга жана ичкеридеги кишилердин чыгышына жол бербөө,

б. Аба булганып, баш калкалоочу жайда калууга болбой калган учурда маскаларды кийгизип, кооптуу коңшу мекемелердин баш калкалоочу жайларына алпаруу, бул маселе боюнча жооптуу адамдардын координация кылышын камсыз кылуу,

в. Эшикте кооптуу заттардын болушу аныкталса, тийиштүү коопсуздук чаралары көрүлгөндөн кийин баш калкалоочу жай бошотулуп, кийинки жагдай үчүн ал жердин тазалык жана көзөмөлүн жүргүзүү,

г. Баш калкалоочу жайды бошотууда катар менен биринчи класстагыларга артыкчылык берилүү менен экинчи жана үчүнчү класстар жана кызматкер чыгат. (Кош бойлуу,



K - TSE-ISO-EN 9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

картаң жана майыптарга артыкчылык берилет. Ар бир тревога жана чабуулдан кийин университеттин ректорлукка кабар берилип турат.

**5. БАШ КАЛКАЛООЧУ ЖАЙДА ӨЗҮН АЛЫП ЖҮРҮҮ ЭРЕЖЕСИ:**

I. Баш калкалоочу жерге кирген ар бир адам "Баш калкалоо эрежелери" жана баш калкалоо боюнча жооптуу адамдын буйругуна баш ийүүсү зарыл.

II. Баш калкалоочу жайда табыш чыгаруучу оюндарды ойногонго, коркунучтуу жана адамдын көңүлүн түшүрө турган жагымсыз нерселерди айтууга болбойт.

III. Жооптуу адамдын уруксаатысыз сыртка чыкканга болбойт жана ички жабдуулар менен ойногонго болбойт.

IV. Ооруп калгандар оорусун жашырбайт, айлана-чөйрөгө кагаз, ар кандай таштандыларды ыргытууга болбойт, жыт чыгаруучу каражаттар болбошу зарыл.

V. Жооптуу кишинин уруксааты жок туруп ысыткычтарды колдонууга болбойт.

**6. БАШ КАЛКАЛООЧУ ЖАЙДА ТӨМӨНДӨГҮ КАРАЖАТТАР БОЛУШУ КЕРЕК:**

Бир киши үчүн 14 күнгө жете турган тамаш-аш азыктары:

| № | Түрү | Көлөмү | № | Түрү | Көлөмү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ичүүчү суу | 28 литр | 19 | Даяр сорпо | 5 пакет |
| 2 | Колдонуу үчүн суу | 28 литр | 20 | Печенье | 1400 грамм |
| 3 | Консерва | 6 банка | 21 | Эт | 1750 грамм |
| 4 | Крупа | 1400 грамм | 22 | Сыр | 14 пакет |
| 5 | Май | 500 грамм | 23 | Градусник | 2 даана |
| 6 | Шекер | 1000 грамм | 24 | Шприц | 14 даана |
| 7 | Чай | 1400 грамм | 25 | Лейкопластырь | 42 даана |
| 8 | Туз | 500 грамм | 26 | Ванна | 1 даана |
| 9 | Пинцет | 1 даана | 27 | Төөнөгүч | 20 даана |
| 10 | Кайчы | 1 даана | 28 | Самын | 5 даана |
| 11 | Үч бурч бинт | 10 даана | 29 | Тоголок бинт | 6 даана |
| 12 | Ным соруучу кебез | 3 пакет | 30 | Йоддолгон бинт | 10 даана |
| 13 | Натрийдин бикорбанаты | 250 грамм | 31 | Йодтун тундурмасы | 200 грамм |
| 14 | Кычкылтектүү суу | 200 грамм | 32 | Күйүккө каршы мазь | 2 тюбик |
| 15 | Спирт | 200 грамм | 33 | Өрт өчүрүүчү шайман | 1 даана |
| 16 | Суу куйган чака | 5 даана | 34 | Шланг | 50 метр |
| 17 | Тепкич | 1 даана | 35 | Кичине кетмен | 1 даана |
| 18 | Күрөк | 1 даана | 36 | Кум салган кап | Жетиштүү санда |



**7. БАШ КАЛКАЛООЧУ ЖАЙДА БОЛУШУ КЕРЕК БОЛГОН БАШКА МАТЕРИАЛДАР:**

| № | Түрү | Көлөмү | № | Түрү | Көлөмү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Рация | 1 даана | 13 | Кол фонарик | Жетиштүү санда |
| 2 | Мезгилге ылайык кийим | Жетиштүү санда | 14 | Таштанды идиши | Жетиштүү санда |
| 3 | Төшөк каражаттары | Жетиштүү санда | 15 | Радио (батарея менен иштөөчү) | 1 даана |
| 4 | Жууркан | Жетиштүү санда | 16 | Кошумча батарея | Жетиштүү санда |
| 5 | Тазалоочу каражаттар | Жетиштүү санда | 17 | Жөнөкөй оңдоочу каражаттар | Жетиштүү санда |
| 6 | Радиация өлчөөчү | 1 даана | 18 | Тамак-аш | Жетиштүү |

I - Q TSE-ISO-EN 9000

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | приборлор | | | | санда |
| 7 | Алаксытуучу каражаттар | Жетиштүү санда | 19 | Носилка | 1 даана |
| 8 | Саат | 1 даана | 20 | Консерва ачкыч | 1 даана |
| 9 | Китеп | Жетиштүү санда | 21 | Шам | 1 даана |
| 10 | Вилка, кашык, бычак | Жетиштүү санда | 22 | Ден-соолукка пайдалуу каражаттар | Жетиштүү санда |
| 11 | Ширеңке же чакмак | 1 куту | 23 | Биринчи жардам көрсөтүү каражаттары | Жетиштүү санда |
| 12 | Противогаз | Жетиштүү санда | 24 | Чөнтөк телефону | 1 даана |

Жогоруда берилген каржаттардын ичинен тамак-аш, жууркан-төшөк жана тазалоочу каржат, кийим-кечек, тазалык каражаттары, ар кандай алаксытуучу каражаттар, ден-соолукка пайдалуу каражаттар менен одеяло, тамак-аш, вилка, кашык, бычак, китеп, кол фонарик, кайчы, саат, консерва ачкыч, шприц, пластырь, чөнтөк телефону, радио жана кошумча батарея, о.э. башка материалдар баш калкалоочу жайды колдоно тургандар тарабынан баш калкалоочу жайга кирип аткан учурда кошо алынып келинет.

## 8. КӨРСӨТМӨНҮН ИШКЕ АШЫРЫЛЫШЫ:

a) Бул көрсөтмө Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде колдонулат.

b) Реткорлуктун уруксааты жок бул көрсөтмөгө кандайдыр бир өзгөртүүлөр киргизилбейт.

c) Бул көрсөтмөдө белгиленген эрежелерге баш ийгиси келбегендер үчүн университеттин инструкцияларынын тийиштүү беренелерине ылайык мыйзам ченемдүүлүктөр колдонулат. 30

Жогоруда берлиген сегиз пнукттан турган иш алпаруу көрсөтмөсүн университетибизде колдонуу маселеси боюнча уруксаат берүүңүздү суранам.

Доц., док. Октай Өзгүл
Баш катчынын м.а.

Макулмун
Проф., док. Мустафа Орчан
Проректор

Макулмун
Проф., док. Анвар Мокеев
Проректор

**Б Е К И Т И Л С И Н**
18./02./2022

Проф., док. Асылбек Кулмырзаев
**Биринчи проректор**

Проф., док. Алпаслан Жейлан
**Ректор**

K - Q
TSE-ISO-EN
9000

**№ 4-ТИРКЕМЕ**

**ЧУКУЛ КЫРДААЛ БОЮНЧА КӨРСӨТМӨ**

**1. МАКСАТЫ**:
Мекемебиздеги кызматкер, студент, документ жана керек-жарак материалдарын табигый кырсык, душмандын кол салуусу, өрт жана саботаж сыяктуу жагдайлардан сактоо максатында, тагыраак айтканда аталган кырсыктардын бири башка түшкөн учурда чукул коргонуу жана ага каршы күрөшүүнүн негиздерин белгилөө жана бул максатта өзгөчө жоопкерчилик жүктөлгөн кызматкерди анын милдеттерин аныктоо, биргелешип иш алпаруу жана координация менен камсыз кылуу.

**2. МАЗМУНУ**:
Бул көрсөтмө Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде колдонулат.

**3. ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАНА МИЛДЕТТЕРГЕ НЕГИЗДЕЛҮҮЧҮ ПЛАНДООЛОР:**
Бул көрсөтмө
а) Коргоо жана коопсуздук боюнча атайын регламентке, Күзөт башкармалыгы жана адистигинин планы, Саботаждардан коргонуу жана жарандык коргонуу планына ылайык даярдалган. **Аталган план жана регламенттердин бирден нускасы Кадрлар башкармалыгында болушу керек.**
Душмандын кол салуусу, табигый кырсык жана өрт чыккан учурда жана ага чейинки көрүлө турган чаралар боюнча (үчүн);
"Жарандык коргонуу боюнча тейлөө кызматынын милдеттеринин регламенти", "Өрт коопсуздугу боюнча регламент", "Баш калкалоо боюнча көрсөтмө" жана башка регламент, пландарга ылайык иш алпарыңыз. Саботаж жагдайы жана ага чейинки иш-аракеттер үчүн "Жарандык коргонуу боюнча тейлөө кызматынын милдеттеринин регламенти", "Саботаждан коргонуу регламенти", "Күзөт кызматы боюнча регламент" жана булардын ичиндеги башка регламенттерге ылайык иш алпарыңыз.
Жогоруда аталган план жана регламенттердин тийиштүү бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн алдын алуу иш-аракеттеринин ишке ашырылышына, билдириле турган кабарларды окуп, кабардар кылууга
б) Кадрлар башкармалыгы жооптуу болот.
в) Өзүлөрүнө берилген тапшырма үчүн ар бир тийиштүү кызматкер жооптуу болот.



**4. ИШ БӨЛҮМҮ ЖАНА ИШ-АРАКЕТТЕРДИН ТАРТИБИ:**
**I. ӨРТ УЧУРУНДА.**
**А. Өрт иш учурунда чыкса;**

а) **Негизги принциптер:**
1. Коркуп, паникага алдырбаңыз.
2. Тревога белгисин берип, өрт чыккандыгын кабарлаңыз.
3. Тревога иштебесе өрт чыккан бөлүмдүн атын айтып, катуу кыйкырып бардык кабаттарга жеткириңиз жана жарандык коргонуу системасын ишке киргизиңиз.
4. Алгач газдын сызылып чыкканы байкалса дароо тийиштүү бөлүмгө, аймактын коопсуздугу үчүн милицияга, ден-соолукка тийгизе турган зыянды эске алуу



Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

менен амбулаториялык жана врачтын жардамы үчүн Ден-соолук борборунун жетекчилигине кабар бериңиз.

5. Аймактык өрт кызматына;
   а) Өрттүн түрүн ( Катуу зат, суюк, газ),
   б) Имараттын кайсы бөлүгүндө башталганын,
   в) Өрттүн өлчөмүн,
   г) Риск болгон жердеги оңой күйүүчү жана жарылуучу заттардын түрүн жана бул заттар кайсы кабаттарда бар экендигин, о.э. кайсы кабинеттерде экендигин,
   д) Чыга албай калган кишилер болгон кабаттарды жана алардын санын айтыңыз.
6. Коңшу мекемелерге кабар бериңиз,
7. Кабаттагы кызматкер жана кызматкерлерди эвакуациялагыла. Эвакуацияда өрткө эң жакын жерден эң узак жерге, эң үстүңкү кабаттан эң алдыңкы кабатка деген принципти кармаңыз.
8. Жер титирөөдө болсо силкинүү токтоору менен эң алдыңкы кабаттан эң үстүңкү кабатка карай эвакуация ишин жүргүзүңүз.
9. Силкинүү бүткөндө эвакуация учурунда чуркоонун ордуна тез басуу техникасын колдонуңуз. Чыгаардан мурда тепкичке эң алыс жердеги кызматкерлерден баштап анан жакын жердеги кызматкерлерди алып чыгуу принциби менен чыгарыңыз.
10. Бир кабат бошой электе башка кабаттан чыккан кишилердин тепкичке чогулуп калышына жол бербеңиз.
11. Коопсуздукту камсыз кылуучу топту ар кайсы кабатка бөлүштүрүү менен эвакуация ишинин ийгиликтүү ишке ашырылышын камсыз кылыңыз.
12. Лифтти колдонууга эч качан жол бербеңиз. Өзүңүздүн жана тегеректегилердин өмүрүн коркунучка алпара турган кыймыл-аракеттерди жасабаңыз.
13. Эшикке эвакуация кылынган кызматкерлердин санын эсептөө менен жок болгондор жөнүдө отчет бериңиз.
14. Жарандык коргонуу сервиси кошумча планда белгиленген чогулуучу аймактарда чогулат.
15. Тревога белгиси чыгаары менен элекрт өчүргүчтөрү эң жакын жерде иштеген тийиштүү кызматкер тарабынан өчүрүлөт. Күзөтчү кызматкер тарабынан бул жагдай текшерилет. Өчүрүлбөгөн жагдайда бул ишти күзөтчү кызматкер автоматтык түрдө өзү жүргүзүшү керек.
16. Өрт түрүнө карай:
   а) Өрт газдын сызылып чыгышынан улам келип чыккан болсо, АБВ классындагы өрт өчүрүүчү химиялык кургак порошокту колдонуу менен;
   б) Өрт күйүүчү суюк заттардан улам келип чыккан болсо, көбүктүү өрт өчүргүч же АБВ классындагы кургак химиялык өрт өчүргүчтөрдү колдонуу менен;
   в) Өрт катуу заттардан улам келип чыккан болсо (кагаз, жыгач, ж.б.) өрт өчүрүүчү щит ичиндеки шлангдар клапанга кийгизилет жана суу басымы жиберилет.
   г) Өрт электр жарыгындагы кандайдыр бир себептерден улам келип чыккан болсо, өчүргүчтү өчүрөөр менен $CO_2$ аралашмасындагы өрт өчүрүүчү заттар колдонулуп, өрт өчүрүү кызматы тарабынан өчүрүлөт. Өрт өчүрүү учурунда шамалды алдын алуу үчүн эшик, терезелерди жабыңыз, бирок бекитпеңиз.
17. Чыга албай калгандар үчүн операция куткаруу кызматы тарабынан, алгачкы медициналык жардам тез жардам кызматы тарабынан, техникалык

K - Q
TSE-ISO-EN
9000



Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

муктаждыктар жана бузулган нерселерди оңдоо талаптары техникалык тейлөө кызматы тарабынан куткаруу иш-аракети көрүлөт.

18. Мекеменин ичиндеги өрттө жана 2-катардагы баалуулуктар толугу менен же бир бөлүгү эвакуация жасалып сактап калуу ар бир бюронун өз кызматкерлери тарабынан жана жарандык коргонуу кызматы менен куткаруу тобунун жардамы менен жүргүзүлөт. Эвакуация жана өрт өчүрүү учурунда алгач оңой күйүүчү жана жарылуучу заттар окуя болгон жерден алыс алынып кетиши керек.
19. Операция **Текшерүү жана өрт өчүрүү боюнча штаб кызматы** көзөмөлгө алынып, башкарылат.
20. Мекемеде иштеген ар бир кызматкер бул тейлөө кызматынын команда жана тартиби боюнча иш алпарууга милдеттүү.
21. Инвентардык буюмдарды коргоодо да кызматкерлерди эвакуация кылуу принциби колдонулат.
22. Короодогу транспортту өз ээси эвакуация кылат.
23. Өрт милиция жана саламаттыкты сактоо кызматкерлеринини келиши менен мекемемибиздин жарандык коргонуу боюнча топтору булардын командасына ылайык иш алпарат.
24. Окуя учурунда жана андан кийин уруксаатсыз эч бир кызматкер жана жооптуу кишилер кырсык болгон жерге кирүүгө уруксаатсыз кирүүгө болбойт.
25. Өрттү колго алуу жана аны өчүрүү иш-аракетинин артынан алгачкы каза болгондор жана өзүнчө каза болгондор тууралуу отчет **Текшерүү жана өрт өчүрүү боюнча штаб башчысы** тарабынан жазылып**, ректорлукка** кол коюуга жиберилет.
26. Үй-бүлөсүнөн киши келбесе бир да студент эч жакка жиберилбейт, жакындарынан кимдир бирөө келгендер ишеним катынын негизинде жиберилет;
27. Өрт коңшу мекемеде чыкса:
    а) Бардык терезелерди жаап, пардаларды чыгарыңыз;
    б) Жарандык коргонуу кызматын ишке киргизиңиз;
    в) Чачыроо коркунчуна каршы өрт өчүрүүчү шлангдарды колдонуу менен өрт чыккан жерге суу чачыңыз;
    г) Жалындоочу, жарылуучу жана оңой күйүүчү заттарды биринчилерден болуп кооптуу жерге алыңыз;
    д) Бак ичиндеки каражаттарды ишенимдүү бир жерге ташыңыз.

**б) Өзгөчө жагдайлар:**

1. Өрт чыккандыгын биринчи көргөн киши өрт коогасы кнопкасын басат. Өзгөчө угула турган үн менен өрт чыккан кабаттарды кыдырып жарыя кылат жана бул бөлүмдүн электриги жана/же камсыздандырууга эң жакын турган кызматкер тарабынан өчүрүлөт.
2. Бул учурда өрт чыккан жерде же эң жакын пункттагы кызматкер эвакуациялык топ келгенге чейин өрт өчүрүүчү шаймандарды колдонуу менен өрт менен күрөшүүсү керек.
3. Жарандык коргонуу кызматы тревоганын чыгышы менен бирге чогула турган жерге барышат.
4. Өрт өчүрүү кызматы өрт чыккан жерге келип өрт менен күрөшөт. Өрт өчүрүүнүн баштапкы этабын жүргүзгөн кызматкер ал жерден кетет.
5. Куткаруу тобу алгач кызматкерлерди куткаруу, андан соң биринчи планда балуу материалдарды сактап калуу аркетин көрөт. Ар бир кабаттагы тепкичтин



K - Q TSE-ISO-EN 9000

Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer) : 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

башында / же өрттөн чыгуучу жол менен тейлөө кызматкерлеринен бирден киши калтырып аудиториялардан чыга турган кызматкерлерге багыт көрсөтүлөт.

6. Куткаруу тобунун башчысы тарабынан баш коргонуучу жай берилгенге чейин кызматкер жана студенттер күтүп турушат. Кызматкерлер болсо эшиктерди ачып эшиктин алдында турушат.
7. Эвакуация буйругу берилээри менен өрт чыккан жер биринчи болуп өрт очогуна эң жакын жерден эң алыс бөлүмдөрдү көздөй биринчилигине карай эвакуация башталат. Мисалы:
   ‘A’ аудаториясынын кызматкерлери астыда, ‘B’ аудаториясынын кызматкерлери ‘A’ аудаториясынын кызматкерлеринын аркасында болуп, үч кишилик катар иретинде эвакуация башталат. Өрт очогу жана ага жакын аймак эвакуация болгондон кийин үстүңкү кабаттагы эң узак чекиттен эң жакын чекитке чейин эвакуация жүргүзүлөт.
8. Кызматкерлер өрт жетпей турган кооптуу жайга алынып келингенден кийин жоктоо жүргүзүлүп, кимдир бирөөлөр жок болсо дароо куткаруу кызматына кабар берилет. Кызматкерлер жөнүндөгү маалымат алынгандан кийин алардын жоопту кишилерине телефон чалынып, алардын келиши керектиги жөнүндө билдирилет жана келгендерине балдары ишеним кат аркылуу тапшырылат. Жооптуу кишиси келбеген балдар коопсуздук кызматкерлерине тапшырылат. Бул убакыт ичинде эч бир кызматкер жоопкерчилигин алган аймакты жана кызматкерлерди таштап кете албайт.
9. Өрткө каршы туруууда төмөндөгү учурларга көңүл бурулат:
10. Таза аба толтурулган масканызды кийиңиз же ным чүпүрөк менен оозуңузду, мурдуңузду жабыңыз.
11. Кабинеттин эшиги бекитилген болсо ачкыч менен ачыңыз;
12. Эшиктин туткасын жайдак кол менен кармабаңыз.
13. Эшикти түз ачпаңыз. Эшикти ачууда өрт өчүрүүчү баллондун крючогун колдонуу менен бөлмөнүн дубалына жашынуу жолу менен алыстан эшиктин туткасын басып ишке ашырат.
14. Эшик ачылгандан кийин өрткө каршы күрөшүүчү материалдарды колдонуңуз.
15. "Өрттө эң биринчи куткарылат" деген жазуусу бар техника жана материалдарга артыкчылык берилет.



| | |
|---|---|
| Ө | **ӨРТ УЧУРУНДА БИРИНЧИ ИРЭЭТ САКТАЛА ТУРГАН (КЫЗЫЛ ФОНДО АК "Ө" ТАМГАСЫ)** |
| Ө | **ӨРТ УЧУРУНДА ЭКИНЧИ ИРЭЭТ САКТАЛА ТУРГАН (КӨК ФОНДО АК "Ө" ТАМГАСЫ)** |
| Ө | **ӨРТ УЧУРУНДА ҮЧҮНЧҮ БОЛУП САКТАЛА ТУРГАН (ЖАШЫЛ ФОНДО АК "Ө" ТАМГАСЫ)** |

K - Q
TSE-ISO-EN
9000

16. Эвакуациядан кийин көңүл буруу жана коопсуздук эрежелерине басым жасалып, күйүүгө жол берилбейт.
17. Жер титирөөнүн болушу мүмкүн учурда: Өрт чыгуусу мүмкүн болгон жерлерде (ашкана, чайхана, лаборатория, кафетерия) жарылуучу жана жалындап күйүүчү заттар менен кооптуу жерлердеги күйүүчү заттар эшикке алынып чыгарылат , о.э. архив шкавтары бошотулат.
18. Өчүрүү жана куткаруунун ар бир баскычында кооптуу жана эскертүү белгисине көңүл бурулат.

**Б) Өрт иш убактысы бүткөндөн кийин чыкса:**

1. (А) бөлүгүнүн 1, 2, 3, 4, 5, 6. беренелерине ылайык аракет кылыңыз.
2. Күзөт башкармалыгы же кызматынын көрсөтмөлөрүндө берилген катар менен буйруктарды кабарлаңыз.
3. Өрт менен күрөшүп, мурдакы беренелерде белгиленген негиздерге таянып чара көрүңүз.

**В) Мекемебиздеги өрткө каршы кооптуу жагдай жараткан бөлүмдөр үчүн бул бөлүмдөрдөкү жалындоочу, жарылуучу жана оңой күйүүчү заттар:**

а) Маалымат үчүн өрт өчүрүү эрежелерин караңыз.

## II. ЖЕР ТИТИРӨӨДӨ:

а) Жер титирөө башталат.

б) Кызматкерлер жер титирөөдөн коргонуу позициясына өтүшөт.

в) Жер титирөө бүтөт.

г) Тепкич, коридор, котельный жана башка кооптуу жайлар жооптуу кызматкерлер тарабынан текшерилет жана эч кандай кооптонуу жок болсо байланыштыруучу жумушчулар кабаттарга эвакуация буйругун жеткиришет.

д) Алгач жарандык коргонуу кызматында эмгектенген кызматкер/лер чогула турган жайларда өз позицияларын ээлешет.

е) Кызматкерлер эшикте күтүп турушат.

ё) Эвакуация учурунда жоопкерчилик ала турган кишилер өз орундарында турушат.

ж) Эң ылдыйкы кабаттан баштап чуркабай тез-тез кадамдар менен тепкичтин жазылыгына ылайык ирээттүү.

з) Башкалар да ушул эле нерсени кайталоосу зарыл.

и) Эң астыңкы кабаттагылар коридордон чыгып, бир кабат жогору көтөрүлүшү керек экендиги айтылат.

й) Университетте кызматкерлер чогула турган аралык имараттын узундугунун жарымына туура келе турган жер. Бул жерде эвакуация ар бир кабат экиден же үчтөн катарга тизилип күтүшөт. Жоктоо жүргүзүлүп, жок болгондор дароо жетекчиликке билдирилет.

к) Жок болгондор үчүн администрация тарабынан жарандык коргонуу кызматын чакырылып, издөө жана куткаруу иштери баштатылат. Бул иштерди өздөрү жасай албай турган болсо жергиликтүү өрт өчүрүү же жарандык коргонуу тобунан жардам сурайт.

## III. КООПСУЗДУК БЕЛГИЛЕРИНДЕ:

Тийиштүү коопсуздук жабдуулары боюнча жетиштүү маалыматка жана тажрыйбага ээ болбосоңуз аларга тийбеңиз. Дароо тийиштүү мекемеге кабар бериңиз.

а) Уулуу зат

б) Органикалык перекись

K-ЭЭ TSE-ISO-EN 9000



Дареги : Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси 56, Кыргызстан
Телефон : 00 996 (312) 54 19 42-47
Факс : 00 996 (312) 54 19 35
Эл.почта : manas@manas.edu.kg
Adres : C. Aytmatov Caddesi No:56 Bişkek/Kırgızistan
Telefon : 00 996 (312) 54 19 42-47
Faks (Belge Geçer): 00 996 (312) 54 19 35
E-posta : manas@manas.edu.kg

в) Жарылуучу катуу зат
г) Жарылуучу зат
д) Уулуу газ кычкылдануучу зат
е) Уулуу суюктук
ё) Радиоактивдүү зат

## IV. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРГА КАРАТА КАБАР ЖИБЕРҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

